сюжеттик курулуш окурманды ойлонтууга, окуянын жыйынтыгын чыгарууга, кылмышкер ким жана эмне үчүн кылмыш кылды деген суроолорду чечмелөөгө чакырат.

К. Каимов романында маанилүү эки суроону көтөрүп чыккан, биринчи Асылбек аттуу жаш жигиттин өлүмүн иликтөө үчүн детективдик сюжетке кайрылган. Экинчи аталар үчүн сокуунун урулушу, Алым Абдиев карыганда жакшы өсүп, жакшы жетилип жаткан баласынын зөөкүрлөрдүн колунан каза табышы, капыстан "киши колдуу" болот, экинчи баласы шайкелең өсүп, шектүү адамдар менен байланышта болот. Эмне үчүн карыганда ушундай трагедияга туш болду? Ушундай эле тагдырга өмүр бою ак иштеген милициянын полковниги, Ички иштер министерствосунун орун басары Атантай Үсөнов туш болот. Жалгыз баласы Карл эркелетип, жакшы тарбиялап өстүргөн менен кылмышкер болуп чыгат, Асылбекти өлтүрүүгө катышып, акыры түрмөгө кетип, атасы менен жолу "эч качан" келишпеген бойдон калат. Баласынын азабынан ишинен кетет, Абдиевдин көзүн карай албайт Эмне үчүн карыганда ушундай тагдырга туш болду? Мына ушул суроолордун жандырмагын чечмелөө.

Жазуучу ушул эки суроону чечмелеп берүү аракетин көргөн. Романда адамдардын психологиялык абалы, өз ара карым-катыштары жакшы чыккан. Шаардык адамдардын мүнөзүн, жашоо шартын , шаардык балдардын жан-дүйнөсүн жакшы ачып берген. Так айтканда, "шаардык прозаны" жазган кыргыз жазуучуларынын салтын жакшы уланткан. Бул албетте романдын ийгилиги.

Мына ушундай өзгөчөлүгү "Акырын күтпөнү" кыргыз интеллектуалдык романынын катарында турарын далилдеп турат. Анткени, роман бир күндө окулуп, бир күндө элге жайылып кетүүчү чыгармадан эмес. Роман бүгүнкү күндө да өзүнүн өзгөчө тили менен, өзүнчө дүйнө түшүнүгү менен, өзгөчө көркөм дүйнөсү менен эч кимге окшобогон поэтикалык системасы менен башка чыгармалардан бөлүнүп жалгыз турган чыгарма катары келатат.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Каимов К. Акырын күтпө. – Ф., 1984.
2. Асаналиев К. Көркөмдүүлүктүн реалдуулугу жана иллюзиясы // Кыргызстан маданияты, 1985. 21-март.



УДК: 002.7
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-24-29



**Кийизбаева Чолпон Кудайбергеновна**
И.Арабаев атындагы КМУ, ага окутуучу
**Кийизбаева Чолпон Кудайбергеновна**
КГУ им. И. Арабаева, старший преподаватель
**Kiyizbaeva Cholpon Kudaibergenovna**
I. Arabaev KSU, senior lecturer


## КЫРГЫЗ ЖУРНАЛИСТИКАСЫ ЖАНА АЛГАЧКЫ КАРЛЫГАЧТАР
## КЫРГЫЗСКА ЖУРНАЛИСТИКА И ПЕРВЫЕ ЛАСТОЧКИ
## KYRGYZ JOURNALISM AND THE FIRST SWALLOWS


**Аннотация:** Макалада кыргыз журналистикасынын пайда болушу жана өнүгүшү, тунгуч гезиттин чыгышына кошкон кыргыз жаштарынын салымы тууралуу сөз болуп,

журналистиканын жаңыдан түптөлгөн кезиндеги орун алган оош-кыйыштар, мүнөздүү көрүнүштөр, жеке авторлордун өзгөчөлүктөрү, алардын чыгармачылыгындагы идеялык-тематикалык изденүүлөр анализделет.

**Аннотация:** В статье речь идёт о возникновении и развитии кыргызской публицистики, о вкладе кыргызской молодежи в издании первой газеты. Также анализируется типичные явления новообразованной кыргызской журналистики, особенности отдельных авторов, идейно-тематический поиск в их творчестве.

**Abstract:** The article discusses the development of Kyrgyz journalism, the contribution of Kyrgyz youth to the publication of the first newspaper, features of individual authors and ideological, thematic researches in their works.

**Негизги сөздөр:** публицистика, газета, макала, кыргыз журналистикасы, жанр.

**Ключевые слова:** публицистика, газета, статья, киргизская журналистика, жанр.

**Keywords:** journalism, newspaper, article, Kyrgyz journalism, genre.

Тарыхта биз кыргыз журналистикасынын жаралышын “Эркин Тоо” гезитинин чыгышы менен аныктап жүрөбүз. Бул тарыхый чындык. Бирок 1924-жылга чейин эле алгачкы агартуучуларыбыз менен кат-сабаты жоюлган бир катар кыргыз калемгерлери Октябрь революциясына чейин жана анын алгачкы жылдарында казак, өзбек, татар басма сөздөрүндө - “Айкап”, “Шолпан”, “Жас кайрат”, “Аелдер теңдиги” деген журналдар, “Көмек”, “Ушкын”, “Кедей эрки”, “Ак жол” сыяктуу басылмаларга макала, очерктерин жарыялап турушканын.

Кыргыз журналистикасына чыйыр салгандардын көч башында 1912-жылы Триоицкий шаарында чыгып турган “Айкап” журналынын №1 санына чыккан “Оренбургдан Ташкенге чейин” деген алгачкы макаласы менен Э.Арабаев турат деп айтууга толук негиз бар. Себеби кыргыз профессионал адабиятына, кыргыз публицистикасынын тарыхына арналган бир катар эмгектерди, илимий иштерди, мемуарларды барактап отуруп мындан мурун гезит-журналдарга макала жазган кыргызды кездештире алган жокпуз. Бул макаласында Э.Арабаев жаңы илим-билимге умтулган кыргыз-казак кедей-кембагалдарынын, ата-энеси жок жетим балдардын сабатын ачууда жеңилдиктерди берүү жана кедейлердин балдарын окутуу зарылчылыгын орус бийлигине кулак кагыш катары айтып, жаштарды билимге чакырган [1; 135-б.].

Бир катар эмгектерден жана мемуарлардан 1917-1918-жылдардан баштап Э.Арабаевдин катарына М.Тынышпаев, А.Найманкожо, Төрөкул Жанузаков, Касымбек Галымбеков деген кыргыз жигиттеринин кошулганын көрүүгө болот. Алар дагы макалаларын Кытайдан кайтып келген кыргыздардын ал-жайына арнаган, ал “Казак” гезитинин 2017-жылдагы санына удаа-удаа жарыялашкан.

“Эки доор инсаны Эшенаалы Арабаев” аттуу эмгекте 1917-жылдары “Бирлик туусу” гезитинде Төрөкул Жанузаков, Касымбек Галымбеков деген кыргыздын коомдук ишмерлери да кыргыздардын турмуш-тиричилиги, күндөлүк жашоосу жөнүндөгү макалаларды жарыялап турганы боюнча учкай гана кеп кылынат. Алардын 1917-жылы 29-августта “Бирлик туусуна” чыккан “Ак калпактуу кыргызга” аттуу макаласы Бүткүлроссиялык сьездге кыргыздар да шайлоого жана эне тилинде гезит чыгарууга чакырган. Анда “...Россияга караган бардык калкты 160 миллион десек, сьездге 800 өкүл шайланышы керек. Анын ичинде ак калпактуу кыргыздын шыбагасына – эгер саныбыз эки миллионго жетсе – он өкүл шайланышы керек. ...адамдарыңарды Ташкенге жибергиле, ар болуштан бирден-экиден келсе деле болот. Карала турган маселе көп. ...Азыр эң керектүүсү – кыргыз тилиндеги гезит чыгаруу. Учурда биз казак

тууганларыбызды минип отурабыз" деген макаланын жарыяланышы чындап ошол кездеги сабатсыздыгы жоюлган бир ууч кыргыз жаштарынын эң чоң мүдөөсү өз эне тилинде гезит чыгаруу экени өзүнөн өзү көрүнүп турат.

1920-жылдан баштап чыга баштаган "Ак жол" газетасына бир катар казак жаштары менен бирге Эшенаалы Арабаев, Казак-кыргыз агартуу институтунда окуган К.Тыныстанов, Б.Данияров, О.Алиев көмөктөшүп, алгачкы сандарына үндөө макалаларын жазышкан [2; 268-б.]. Биринчилерден болуп Эшенаалы Арабаевдин "Кыргыз шакирттери" деген макаласы 1921-жылдын 4-январында чыгып, анда аймактык Казак-кыргыз институтунда окуп жаткан жаштардын караңгы кыргыз элинин сабатсыздыгын жоюу, саясий түшүнүктөрүн жандантуу, адабият менен тааныштыруу демилгесин колдоп, "1916-17-жылдардагы темир-найзадан аман-соо өлбөй тирүү калган кыргыз руху жыйылып, катарлаш жайгашкан элдер менен бир убакта теңдүүлүгүнө жетет деген үмүтүм жанданды", - [1; 144-б.] дейт. "Ак жолдун" ушул эле №10 санына Осмонкул Алиев "Казак-кыргыз жаштарынын азыркы жана мурдагы абалы" деген макаласын жарыялаган. Базаркул Данияров болсо туура бир айдан кийин тактап айтканда, 1921-жылдын 6-февралында кыргыз элине кайрылган "Кыргыз азаматтарына!" деген макаласын жазып чыккан. Бул макала дагы кыргыз жаштарынын көйгөйүнө арналып, аларды кыргыздардын арасында эл агартуу иштерине назар салып, "Ак жол" гезитине элдин турмушуна тиешелүү өзгөрүүлөрдү, сунуштарды чагылдырып турууга үндөйт.

Эшенаалы Арабаев 1922-жылдын октябрынан баштап чыккан "Шолпан" журналынын да активдүү автору болгондугу жогорудагы эмгекте айтылат. Ал тургай Э.Арабаев менен бирге Абдыкерим Сыдыковдун да аты аталып, экөө редколлегия мүчөсү болгону жазылат. Демек, Эшенаалы Арабаевдин артынан Кыргыз-казак институтунда окуган Касым Тыныстанов, Осмонкул Алиев, Базаркул Данияров сыяктуу бир катар интеллигенттер да басма сөзгө аралашып, окуу, агартуу иштери, ошол мезгилдеги тил, жаштар маселеси сыяктуу бир катар көйгөйлөрдү элге гана жеткирбестен, бийликтегилердин да жүрөгүнө жеткирип турушкан.

Жогоруда аты аталган алдыңкылар менен катар "Заря Свободы", татар тилинде чыккан "Көмөк", андан барып "Учкун", "Тилчи" газеталарына ошол кездеги кыргыз элинин, кубаныч, шаттыгын билгизип турган Ысак Шайбеков, Жумадыл Түлөкабылов, Орозакун Элепесов, Байсерке Калпаков, Исамуддин Кудайбергенов, Зыйна Элепесова, Сыдык Карачев сыяктуу бир катар ысымдарды Касымалы Баялиновдун "Уядан алгач учкандар" аттуу макаласынан жолуктурууга болот [4]. Дал ушул аты аталган инсандар ырлары менен кошо кыргыз элин илим-билимге, маданиятка, отурукташууга чакырып макала жазган. Касымалы Баялинов жогорудагы макаласында аты аталган бардык жаштардын эмгектерине кайрылып, баа берип, жасаган ишин тизмектеп чыгууга аракет кылган. Бирок тилекке каршы, алардын журналисттик эмгегине эмес, ырларына көбүрөөк басым жасап, макала, очерктери жөнүндө учкай гана кеп кылып койгон.

"Ысык-Көлдүк Жумадыл Түлөкабылов "Көмөк", "Учкун", "Тилчи" газеталарына басылып чыккан "Ургаачылар", "Унутулган күйөө", "Түшүнбөгөндөргө" деген очерк, макалаларында каргыш тийген эски замандагы кыргыз кыздарынын көргөн азап-тозокторун, малча сатылгандыгын баяндагандыгын жазган. Орозакун Элепесов дагы Жумадыл Түлөкабылов сыяктуу эле ушул гезиттер аркылуу Улуу Октябрь революциясы, Совет өкмөтү жөнүндө элдин кубанычын жар салган, элди өнөр билимге чакырган", - деп жазат анда.

Бул алгачкы карлыгачтардын алдыңкы сабынан Сыдык Карачевди да көрүүгө болот. Ал тууралуу Салижан Жигитов "Кечээкинин сабактары, бүгүнкүнүн талаптары" аттуу

эмгегинде минтип жазган: “Сыдык Карачевдин 1918-1919-жылдары “Окуу керек” (“Көмөк”, 1919, 26-июнь), “Биз качан адам болобуз” (“Көмөк”, 1919, №24), “Жаш жүрөктөр” (“Көмөк”, 1919, №11), “Кечинде” (“Көмөк”, 1919, №21), “Замандаштарга” (“Көмөк”, 1919, №67), “Театрда” (“Көмөк”, 1918, №21), “Аялдардын кеңешмесинде” (“Көмөк”, 1919, №14) деген макалалары чыккан” [7; 28-б].

Алгачкы журналисттер жөнүндө кеп кылып жатканда Токчоро Жолдошевдин ысымын дагы атабай кетүүгө болбойт. Ал 1921-жылы Алма-Ата шаарындагы ачылган окуучуларды даярдай турган дарил мугалим аттуу орто мектебине кирип, кийин Эл агартуу институтуна айланганда алгачкылардан болуп бүтүргөн. Ошол окуу жайда окуп жүргөндө эле “Тилчи” гезитинин активдүү кабарчысы болуп, “Сауле” (Шоола) аттуу адабий көркөм журналга редактор болуп, ар түрдүү макалаларды үзбөй жазып турган [3; 48-б.].

Албетте, булардын жазгандары публицистиканын азыркы талаптарына жооп берген эмес, бирок ошол кездеги актуалдуу маселелерге арналып, эркиндик, теңдик алган кыргыз элин көчмөндүк турмушту таштап, отурукташып, бак-дарак тигип, мектеп куруп, илим-билим алууга, маданиятка ээ болууга, социалисттик курулушка активдүү катышууга чакырган, жаштарды жаңынын жарчысы болууга жана көркөм чыгармачылыкты өстүрүүгө үндөгөн [9; 126-б.].

Ушундай аздыр-көптүр билими бар кыргыз жаштарына ичиндеги кубанычын, муңун ар кайсы улуттун гезиттерине бастырып, көз каранды болуп жүргөн кезде “Эркин Тоо” гезитинин чыгышы эң чоң кубаныч алып келген. Бирок белгилүү болгондой, бул тун гезит да оңой-олтоң эле чыга калган эмес. Ал кезде керек болсо кыргыз тилине ылайыкталган алфавит да жок эле. Ал тургай мурда басмада иштеген, газета чыгаруу ишине тикелей катышкан бир да кыргыз болгон эмес. Гезиттин чыгышына бир аз аралашып калган Осмонкул Алиев менен Касым Тыныстановдун (Касым Тыныстанов Ташкенттеги казак, кыргыз эл агартуу институтунун акыркы курсунда окуп жүргөн кезде казак, кыргыз тилинде чыгып турган “Чолпон” жана “Жаш кайрат” журналдардын редколлегиясынын мүчөсү болгон [5; 21-б.) башка иштерден колу бошогон эмес, бирок алар алгачкы басылманын чыгышына опол тоодой салым кошкон. Калгандары болсо гезит-журналдарга макала жазганы гана болбосо, өздөрү типографияны көргөн да, ал жөнүндө уккан да эмес.

Газета чыгаруудагы кыйынчылыктарга, бут тосууларга карабастан Осмонкул Алиев, Сыдык Карачев, Кусейин Карасаев, Мустапа Акматов кыргыздын канча жылдан берки көксөөсүн суутуп, өз мекенинен алыс, эч бир шарты жок жерде 1924-жылы 7-ноябрда араб ариби менен кыргыз тилиндеги төрт беттүү тунгуч гезитти чыгарышат. Ошол кезде Ташкентте окуп, иштеп жүргөн - Эшенаалы Арабаев, Жусуп Абдырахманов, Турдаалы Токбаев, Ыбырай Тойчунов, Абдыкерим Сыдыков бул жаштардын колуна кол, бутуна бут болуп, кыргыз элинин сабатсыздыгын жоюуга, маданиятын өстүрүүгө белсенип киришип, опол тоодой эмгек кылышкан. Гезитке чыга турган материалдардын көбүн ушулар жазган. Мисалы, “Эркин Тоонун” 1924-жылы 7-ноябрда чыккан биринчи санына жарыяланган “Улуу Октябрь күнү” деген макаланы Сыдык Карачев жазса, “Эркин Тоо” (Кыргыз калкы, анын территориясы жөнүндө)” деген темада өтө көлөмдүү макаланы Ишенаалы Арабаев, “Ленин жолунда” деген темада макаланы Жусуп Абдырахманов жазып берген. Аалы Токомбаевдин “Октябрдын келген кези” деген ыры кыргыз совет адабиятынын баштоочусу катарында “Эркин Тоонун” төрүнөн орун алган.

Гезитти чыгарууда макала жаздыруу, аны редакциялап калыпка салуу кандай кыйынчылыктарды алып келсе, бастыруу жагы андан да кыйын болгон.

“Эркин Тоонун” алты саны Ташкентте чыкты. Бирок ал ошол кездеги бир ууч кыргыздын мыктыларынын өжөрлүгү менен гана чыкты. Алгачкы гезитчилердин аракетин басмаканада иштеген өзбектер түшүнбөй, кыргыз тилин, жазуусун мурда көрбөгөн терүүчүлөр сөзгө түшүнбөй эле тамгасын карап терип, версткага чейин кыргыздарды бир топ убара кылышчу. Кечиктиңер деп машинисттери баспай, далай чоңдорго чуркаткан күндөр болгонун Сыдык Карачев минтип эскерет: “Кезитти бастыруу үчүн керектүү материалдарды чөнтөккө салоп алып, эски шаарды карай жөнөйбүз. Эски шаарда биздин “Эркин Тоону” баса турган Өзүбекстандын биринчи сандуу басмаканасы бар. Жаңы шаардан ал басмакана турган жерге дейре 5 чакырымдай бар. Эски шаардын баткактарына батып, көлөштү баткакка сордуруп, сороңдоп жүрүп, басмаканага жетебиз [8].

Үч айдын ичинде беш номурун араң чыгарып, 1925-жылдын январь айынын башында Пишпекке көчүрүп келишет. Бирок бул жактан да аларды даяр типография күтүп турган эмес. “Ак жол”, “Кызыл Өзбекстандын” чалдыбары чыгып, тамтыгы кеткен ариптери менен гезит чыгарууга туура келген. Өз жеринде, өз элинде чыгып баштаган гезитке тоо-таштын арасында жашаган эл тез эле көнүп, бир манап чоң сүйлөп койсо да арыз-муңун башка тиешелүү мекемелерге жибербей, “Эркин Тоого” жиберип турушкан. Ушундай эл ишенимине тез эле кирген гезитти чыгаруучулардын катарын 1926-жылы адабиятчылар: Ж.Турусбеков, К.Баялинов, М.Элебаев, Ж.Жамгырчиев, К.Маликов, А.Токомбаев, А.Убукеев толуктап, улуттук басылманын беделин көтөрүүгө чоң салым кошкон. Дал ушул бир ууч кыргыз жаштары улуттук гезиттин чыгышынан тарта кыргыз адабиятында жаңы жанрларды жаратууга белсемдүү киришишип, алардын жаңыча багытта өнүгүшүнө өздөрүнүн чыгармачылыгы менен үлгү көрсөтө алышкан. Алардын публицистикалык чыгармаларынын бардыгы элдин аң-сезимин көтөрүүгө, совет бийлигин чыңдоого, кулатылган таптардын калдыктары менен күрөшүүгө, жаңы түзүлүштүн артыкчылыгын даңазалоого арналып, дайыма күндөлүк коомдук-саясий маселелерге өз убагында үн кошуп, терс көрүнүштөр менен көркөм сөздүн таасирдүү күчү аркасында күрөшүп, совет өкмөтүнүн жеңишин, ийгиликтерин пропагандалашкан.

Бул калемгерлер менен бирге кыргыз журналистикасынын өнүгүшүнө салым кошкон Байсерке Калпаков, Бөрүбай Кененсарин, Ажыйман Шабданов, Ыбырай Тойчинов, Султан Курманов деген сыяктуу ысымдар болгонун Зыяш Бектеновдун “Замандаштарым жөнүндө эскерүү” аттуу эмгегинен көрүүгө болот. “Бөрүбай Кененсарин “Эркин-Тоо” мезгилинде газетага тили курч, көркөм саясий сатираларды көп жазган таланттуу акын болгон. Байсерке Калпаков 1925-1926-жылдары “Эркин Тоону” чыгаруучу болуп иштеп турганда биздин киринпроско көп келип, бир көшөгөлүү пьесаларды жана декломацияларды жазып берип, кемпирлердин ролу бар пьесалар болсо, кемпирдин ролун өзү аткарып берчү”, - деп эскерет Зияш Бектенов.

Ыбырай Тойчиновдун ысымы кыргыз журналистикасында жанытма жанрында жазган алгачкы калемгер катары да аталат. Анын 1926-жылы 8-июнда “Эркин Тоонун” №62 санына басылган “Сүйүнүч” аттуу жанытмасы “Тоолук” деген лакап ат менен чыгып, газетанын үч санына басылган [5; 47-б.].

Мына ушул улуттук жазууга жетүүнү эңсеп келген интеллигенция “Эркин Тоодон” кийин 1926-жылы “Ленинчил жаш”, “Коммунист”, 1928-жылы “Жаңы маданият жолунда” сыяктуу газета-журналдарды чыгарып, 1926-жылы Кыргызстан мамлекеттик басмасын түзүүгө жетишишти. Алар мамлекетти түптөөдө ат көтөргүс кызмат кылып, А.Токомбаев, К.Маликов, Т.Сыдыкбеков, К.Жантөшев, А.Осмонов, Ж.Турусбеков, М.Элебаев, К.Баялинов,

А.Токтомушов, Ж.Бөкөнбаев, Ж.Жамгырчинов, Н.Байтемиров сыяктуу ондогон-жүздөгөн жаштардын шыгын ойготуп, талантын ачып берди. Андан бери кыргыз журналистикасы бир кылым жашап, замандын агымына жараша өзгөрүп, маанилик, мазмундук жактан жаңыланып келет.

Тилекке каршы, кыргыз элинин революцияга чейинки жана андан кийинки адабий-көркөм мурасы адабиятчы окумуштуулар тарабынан ар тараптуу изилденип, канчалаган илимий эмгектер жазылганы менен, биз сөз кылып жаткан публицистиканын тарыхый өнүгүшү толук изилденбей, бир калыпка салынбай келе жатканын моюнга алуу керек. Бул эмгекти жазып жатканда дагы кыргыз публицистикасы качан жана кандай шарттарда пайда болду, анын расмий тарыхый биографиясы башталганга чейинки тарыхы болгонбу, эгерде болсо ал кайда деген суроого так жооп алуу кыйын болду. Себеби бул маселеге арналган көлөмдүү эмгек жокко эсе экен. Салижан Жигитовдун “Кечээкинин сабактары, бүгүнкүнүн талаптары”, Жумагул Байдилдеевдин “Кыргыз-казак интеллигенциясынын байланыштары (XX к. башы), Зияш Бектеновдун “Замандаштарым жөнүндө эскерүү: Адабий эскерүүлөр” сыяктуу негизинен адабиятка арналган эмгектерден, гезит-журналдарга чыккан эскерүүлөрдөн кыскача гана маалыматтар табылып, публицистика арналган атайын эмгекти кездештире алган жокпуз. “Тарыхы болбой эл болбойт” демекчи, мындан кийин кыргыз публицистикасынын тарыхына арналган эмгек жазуу илим изилдөөчүлөр үчүн алдыдагы иш экен деген жыйынтыкка келдик.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Абдырахманов Т.А., Кубатова А.Э., Байдилдеев Ж.Р. Эки доор инсаны Эшенаалы Арабаев. – Б.: Maxprint, 2013;
2. Базаркул Данияров – первый педагог. – Бишкек. – 2007.;
3. Байдилдеев Ж. “Кыргыз-казак интеллигенциясынын байланыштары (XX к. башы) – Б.: Maxprint;
4. Баялинов К. “Уядан алгач учкандар”, “Советтик Кыргызстан” 1977, 25-27-сентябрь;
5. Бектенов З. Замандаштарым жөнүндө. Адабий эскерүүлөр. Үчүнчү басалышы. Бишкек: Салам, 2016,;
6. Дөгдүров М. “Аалы Токомбай уулунун Балканын чыгармалары тууралуу” “Кызыл Кыргызстан”, 1933, 17-апрель; 6-июнь;
7. Жигитов С. “Кечээкинин сабактары, бүгүнкүнүн талаптары”
8. Карасаев К., “Баштан өткөн мажарлар” “Ала-Тоо”, 1988, №9;
9. Мамытбеков З., “Сыдык Карачев”, “Ала-Тоо” журналы, 1982, №8.



УДК: 002.7
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-29-32



**Осмонова Кундуз Осмоновна**
И.Арабаев атындагы КМУ, окутуучу
**Осмонова Кундуз Осмоновна**
КГУ им. И.Арабаева, преподаватель
**Osmonova Kunduz Osmonovna**
KSU I. Arabaeva, Lecturer